**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«27» 02 202_ жыл, Протокол № 1
АТЭКтин директору ______ Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН СТУДЕНТТЕРГЕ СОЦИАЛДЫК КОЛДООЛОРДУ ЖАНА ЖЕҢИЛДИКТЕРДИ КӨРГӨЗҮҮ БОЮНЧА ЖОБОСУ

# 1.Жалпы жоболор

1.1. Учурдагы жобо С. Наматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин студенттерине социалдык колдоолорду көргөзүү тартибин аныктоо үчүн киргизилген.

Социалдык колдоолор окуу жайда бюджеттик жана контракттык негизде билим алуучу, калктын аз камсыз болгон, табигый жана техногендик кырсыктардан жабыр тарткан, ата-энеси колледжде иштеген студенттерге көргөзүлөт.

Социалдык жеңилдиктер Афган жана Баткен согуштарынын катышуучуларынын, апрель окуяларынын каармандарынын балдар-кыздарына жана томолой жетимдерге, өзгөчө категориядагыларга көргөзүлөт.

1.2. Жобо КРнын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, КР Билим, илим жана Жаштар саясаты министрлигинин 27.10.2005-жылдагы №709/1 «Кыргыз Республикасындагы билим берүү мекемелеринде контракттык негизде окушкан студенттерге окуу акысын төлөөдөгү жеңилдиктерди көргөзүү тууралуу сунуштарды бекитүү жөнүндө» Буйругунун, КРнын Министрлер кабинетинин 11.08.2021-жылдагы №121 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдары жөнүндогү» Жобосунун, ж.б. укуктук-нормативдик актыларынын, колледждин уставынын негизинде түзүлгөн.

1.3. Учурдагы жободо көрсөтүлгөн жеңилдиктер экинчи жолку орто кесиптик билим алуу үчүн кайрадан окуп жаткандарга, сырттан окуган студенттерге, кыска мөөнөттүк курстарда окуган билим алуучуларга көрсөтүлбөйт.

# 2. Студенттерге социалдык колдоолорду жана женилдиктерди көргөзүүнүн шарттары

Социалдык колдоо көргөзүүнүн түздөн-түз шарттарынын бири студенттердин сабактарды өздөштүрүүдөгү мыкты көрсөткүчтөрү болуп саналат. Андан сырткары томолой жетимдер, эл аралык жана республикалык спорттук мелдештердин женүүчүлөрүнө да социалдык социалдык колдоо көргөзүүлөр каралат.

Студенттерге социалдык колдоо көргөзүү студенттин жеке арызынын негизинде каралат. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргү студенттерге социалдык колдоолор алардын ата-энелеринин райондук жана шаардык социалдык коргоо мекемелеринде атайын каттоодо тургандыгы тууралуу жана пособия алып жатышкандыгын тастыктоочу документтеринин негизинде бекитилет.

Табигый жана техногендик кырсыктардан жабыр тарткан үй-бүлөлөрдөгү студенттерге ӨКМ нин жергиликтүү өкүлчүлүктөрү тарабынан берилген документтеринин негизинде бир жолу социалдык колдоолор берилүүсү мүмкүн.

Ата-энелери колледжде 10 жылдан ашык мөөнөттөн бери иштеген, окуу жай үчүн өзгөчө эмгек сиңирген жана өзү да үлгүлүү жүрүм туруму менен айырмаланган, контракттык негизде окуган студенттерге да социалдык колдоолор көргөзүлүүсү мүмкүн.

Предметтик республикалык олимпиадалардын, эл аралык, республикалык спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө социалдык жеңилдиктер берилиши мүмкүн.

Социалдык колдоо боюнча жеңилдиктер: жатаканада акысыз жашоо, акысыз билим алуу ж.б. түрлөрдө болушу мумкүн.

Айрым жеңилдиктердин өлчөмү жогору болуп, ал олуттуу себептерге байланыштуу гана болот.

## 3. Женилдиктердин түрлөрү жана өлчөмү.

3.1. Социалдык колдоолордун өлчөмү, кайрылуу түшкон учурда окуу жайдын каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө карата комиссиянын чечими менен аныкталат.

3.2. Социалдык жеңилдиктердин өлчөмү жогоруда коргөзүлгөн нормативдик-укуктук документтердеги жана ушул жободогу тартипке ылайык жүргүзүлөт.

| № | **Социалдык колдоолор көргөзүлүүчү тараптардын категориясы** | **Төлөм акысын кыскартуулардын өлчөмү** |
|---|---|---|
| 1 | Ата-энелери колледжде иштеген студенттер | |
| а) | 10 жылдан 15 жылга чейин | **20%** |
| б) | 15 жылдан 20 жылга чейин | **30%** |
| в) | 20 – 25 жылдан, 25 – 30 жылдан, 30 жана андан ашык | **40% - 50%** |
| 2 | Томолой жетимдер | **100%** |
| | I группадагы студент - инвалиддер | **40% га чейин** |
| | II группадагы студент - инвалиддер | **20% га чейин** |
| | Ата-энелери Баткен окуяларынын, чернобыльавариясынын, афган согушунун, апрель окуяларынын катышуучулары | **30% га чейин** |
| | Спортсмендер: | |
| | а) Олимпидалык оюндардын, Азия оюндарынын чемпиондору | **50% га чейин** |
| | Спортсмендер: | |
| | б) өлкөнүн чемпиондору, студенттик ололимпиадалардын чемпиондору | **30% га чейин** |
| | Дисциплиналар боюнча эл аралык олимпиадалардын чемпиондору | **30% га чейин** |

## 4. Жеңилдиктерди ыйгаруунун тартиби.

4.1. Жеңилдиктер Педагогикалык кеңеште талкууланып, директордун буйругу менен бекитилген атайын жеңилдиктерди кароочу комиссия тарабынан каралып, анын чечиминин негизинде окуу жайдын каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ыйгарылат.

4.2. Төлөм боюнча жеңилдиктер, мурдагы семестрдеги жетишкендиктеринин натыйжаларына жараша бир окуу жылына көргөзүлөт.

4.3. Женилдиктерди кароо комиссиясы окуу жылында үч жолу өткөрүлөт.

4.4. Комиссия тарабынан каралуучу кайрылуулар циклдык комиссиянын, кураторлордун сунуштарынын негизинде каралат.

4.5. Кайрылуулар комиссиянын отурумунун мөөнөтү өтүп кеткен учурда кечигип түшсө, кийинки мөөнөттө каралат.

4.6. Колледждин кызматкерлеринин эки же андан ашык балдары колледждин студенттери болушса, жеңилдик алардын бирине гана ыйгарылат.

## 5. Социалдык женилдиктерди жана колдоолорду көргөзүү комиссиясынын курамы

5.1. Социалдык женилдиктерди жана колдоолорду көргөзүү комиссиясы коомдук башталышта иш алып барышат;

5.2. Комиссинын курамы 5-7 адамдан турат жана ага директордун мамлекттик ти жана жаштар саясаты боюнча орун басары, колледждин бухгалтери, цикл жетекчилери, окутуучулары, кызматкерлери кире алышат.

5.3. Комиссиянын курамы ар бир окуу жылында педагогикалык кеңеште каралып, директордун буйругу менен бекитилет.

5.4. Комиссиянын курамы бекитилгенден соң анын алгачкы отурумун директордун мамлекттик тил жана жаштар саясаты боюнча орун басары алып барып, өз ичинен комиссиянын төрагасын, төраганын орун басарын, комиссиянын катчысын дайындашат.

5.5. Комиссиянын төрагасы, орун басары, комиссиянын катчысы дайындалган соң, атайын бекитилген тартипте жана жобого ылайык түзүлгөн графикке жараша иш алып барышат.

5.6. Комиссиянын отуруму жана анын чечимдери атайын протоколго түшүрүлөт. Комиссия чечимдерди кабыл алуу үчүн отурумда мүчөлөрү толук курамда же үчтөн эки бөлүгүнөн ашыгы катышууга тийиш. Комиссиянын мүчөлөрүнүн отурумдарга катышпоосу жүйөөлүү себептерге гана байланыштуу болууга тийиш;

5.7. Төрага отурумдан тышкаркы учурларда да комиссия мүчөлөрүн чукул кеңешмелерге чакырта алат.

5.8. Комиссиянын иштөө графиги төрага тарабынан тузүлүп, директор тарабынан бекитилет. Күн тартибинде каралуучу иштер комиссиянын катчысы тарабынан дайындалып, төрага тарабынан бекитилип, бир же бир нече жумушчу күн мурда комиссия мүчөлорүнө алдын ала маалымдалат.

5.9. Ар бир кайрылуулар өзүнчө каралып, тийешелүү чечимдер чыгарылат. Комиссиянын чечимдери сунуштоочу мүнөзгө ээ болуу менен ал директорго тапшырылат жана жардам коргозүүлор директордун буйругу менен ишке ашырылат

## 6. Социалдык колдоолорду жана жеңилдиктерди көргөзүүдө талап кылынуучу документтер.

Кайрылууларга төмөндөгү документтер талап кылынат:

**Тоголок жетим студенттер үчүн:**

- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк (нотариустан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө);
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- паспорттун көчүрмөсү;
- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- кирешеси тууралуу салык органдарынан маалымдама же кварталдык комитеттен маалымдама;
- директордун атына арыз.

**Камкордуктагы студенттер үчүн:**

- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк (нотариустан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө);
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- ата-энесинин баш тарткандыгы жана камкордукка алынгандыгы тууралуу маалымдама;
- паспорттун көчүрмөсү;
- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- кирешеси тууралуу салык органдарынан маалымдама же кварталдык комитеттен маалымдама;
- директордун атына арыз.

**I-II группадагы студент – инвалиддер үчүн:**

- эмгекке жарамсыздыгы тууралуу ВЭЭК тин (ВТЭК) бүтүмү (нотариустан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө);
- пенсиялык күбөлүк (нотариустан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө);
- паспорттун көчүрмөсү; туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- кирешеси тууралуу салык органдарынан маалымдама же кварталдык комитеттен маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- директордун атына арыз.

**АТЭКтин штаттык кызматкерлеринин балдары болушкан студенттер үчүн:**

- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- кирешеси тууралуу салык органдарынан маалымдама же кварталдык комитеттен маалымдама;
- АТЭКтин кадрлар бөлүмүнөн ата-энелеринин стажы тууралуу маалымдама;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)

- директордун атына арыз.

**Эл аралык жана республикалык спорттук мелдештерде чемпион болушкан студенттер үчүн:**

- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- сыйлыктарынын көчүрмөсү (диплом, грамота);
- директордун атына арыз.

**Атайын дисциплиналар боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадаларда женүүчү болушкан студенттер үчүн:**

- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- сыйлыктарынын көчүрмөсү (диплом, грамота);
- директордун атына арыз.

**Социалдык колдоого муктаж студенттер үчүн:**

- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- кирешеси тууралуу салык органдарынан маалымдама же кварталдык комитеттен маалымдама;
- жергиликтүү социалдык коргоо кызматтарынан маалымдама;
- директордун атына арыз.

**Табигый жана техногендик кырсыктардан жабыр тарткан үй-бүлөлөрдөгү студенттер үчүн:**

- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- ӨКМнин жергиликтүү өкүлчүлүктөрүнөн маалымдама;
- кирешеси тууралуу салык органдарынан маалымдама же кварталдык комитеттен маалымдама;
- жергиликтүү социалдык коргоо кызматтарынан маалымдама;
- директордун атына арыз.

**Афган согушуна катышкан жоокерлердин балдары болушкан студенттер үчүн:**

- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- атасынын афган согушуна катышкандыгын тастыктоочу документтер;
- директордун атына арыз.

**Баткен окуяларына катышуучулардын балдары болушкан студенттер үчүн:**
- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- атасынын Баткен окуясына катышкандыгын тастыктоочу документтер;
- директордун атына арыз.

**Апрель окуяларынын баатырларынын балдары болушкан студенттер үчүн:**
- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- ата-энесинин Апрель баатыры экендигин тастыктоочу документтер;
- директордун атына арыз.

**Чернобыль кырсыгынын катышуучулары болушкан үй-бүлөлөрдөгү студенттер үчүн:**
- жашаган жери тууралуу маалымдама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- паспорттун көчүрмөсү;
- сабактагы жетишкендиктери боюнча маалыматтар (окуу карточкасы, мүнөздөмө ж.б.)
- ата-энесинин чернобыль кырсыгына катышкандыгын тастыктоочу документтер;
- директордун атына арыз.